УДК: 82.09

*Касыбек кызы Гулиза, магистрант, К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Ж. БӨКӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ

*Адабият – түгөнгүс жана баа жеткис рухий байлык. Анын ар түркүн проблемалары, ачыла элек терең сырлары өтө арбын. Ал эми адабиятты жаратуучу чыгармачыл таланттарды, алардын адабиятты өркүндөтүүгө кошкон салымдары жана чыгармачылык таржымалы, өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылуу башкы маселелердин бири экендигинде.*

*Жалпы улуттук көркөм сөз өнөрүнүн динамикалуу тарыхый кыймылында Ж.Бөкөнбаев сындуу кайталангыс сүрөткерлердин чыгармачылыгын айтпай кетүү мүмкүн эмес. Адабияттын пайда болуу, өнүгүү жолу акын-жазуучулардын изденүүсүнө, чыгармачылык диапазонуна жараша көрүнөрү белгилүү. Өткөн менен бүгүнкүнү аныктап алуу зарылдыгы мындай шартта өзүнөн-өзү чыгары маалым.*

*Бул макалада Ж.Бөкөнбаевдин адабий мурасын иликтеп-изилдөөнүн өзүнчө бир этабы, анын кыска өмүрүндө артына калтырган чыгармаларынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүгүн таанып-билүүнүн мыйзам ченемдүү натыйжасы катары каралды.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *акын, талант, поэзия, поэтика, көркөм сөз өнөрү, көркөм сөз каражаттары, трагедия, үркүн, социалисттик коом, пафос.*

*Касыбек кызы Гулиза, магистрант, ИГУ. им. К.Тыныстанова*

# ФОРМИРОВАНИЕ ТВОРЧЕСТВА Ж. БОКОНБАЕВА

*Литература - неиссякаемое и бесценное духовное сокровище. В нем много проблем и много нерешенных загадок. Один из главных вопросов - рассказать о творческих талантах создателей литературы, их вкладе в развитие литературы, их творческой истории и особенностях.*

*Нельзя не упомянуть динамичное историческое движение национального речевого искусства, творчество уникальных художников, таких как Ж. Боконбаев. Известно, что возникновение и развитие литературы зависит от поиска и творческого круга поэтов и писателей. Как известно, в этом контексте возникает необходимость отождествлять прошлое и настоящее.*

*В статье рассматривается отдельный этап изучения литературного наследия Ж.Боконбаева, как закономерный результат изучения идейно-тематических особенностей его произведений, оставленных им за свою недолгую жизнь.*

***Ключевые слова:*** *Поэт, талант, поэзия, поэтика, риторика, выразительные средства, трагедия, социалистическое общество, пафос.*

*Kasybek kyzy Guliza, Master's student, ISU named after K.Tynystanov*

# FORMATION OF J. BOKONBAEV'S WORK

*Literature is an inexhaustible and invaluable spiritual treasure. It has many problems and many unsolved mysteries. One of the main issues is to tell about the creative talents of the creators of literature, their contribution to the development of literature, their creative history and peculiarities.*

*It is impossible not to mention the dynamic historical movement of the national speech art, the work of unique artists, such as J.Bokonbaev. It is known that the emergence and development of literature depends on the search and creative circle of poets and writers. As you know, in this context, there is a need to identify the past and the present.*

*The article considers a separate stage of the study of the literary heritage of J. Bokonbaev as a natural result of the study of ideological and thematic features of his works left by him during his short life.*

***Key words:*** *Poet, talent, poetry, poetics, rhetoric, expressive means, tragedy, socialist society, pathos.*

Поэтика – көп кырдуу түшүнүк, анын кең жана тар маанилери, терминдик кызматы, бөлүнүштөрү жөнүндөгү сөз кылуудан мурда кыргыз совет поэзиясында таланттуу кыргыз акынынын өмүр таржымалы, улуттук көркөм сөз тарыхындагы орду тууралуу жалпы маалымат берүү парз деп ойлойбуз. Чындыгында, Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгын кыргыз совет адабиятынын тарыхындагы өзүнчө бир көрүнүш, жаңы форма, жаңы мазмундагы көркөм сөз өнөрүнүн белгилүү этаптагы кайталангыс кубулушу катары кароого болот.

Ж.Бөкөнбаевдин көп кырдуу адабий мурасы жаңы маданий-коомдук, социалдык-тарыхый шартта кайрадан каралышы шарттуу деп эсептейбиз. Себеби коомдук-саясий турмушта ар кандай өзгөрүүлөр болуп, демократиялык сөз эркиндиги адабий чыгармачылыкка да жайылып, көркөм сөз өнөрүнүн нукура эстетикалык маани-мазмуну алдыга чыгып отурат. Ошондуктан адабиятыбыздагы өткөн менен бүгүнкүнү аныктап алуу зарылдыгы мындай шартта өзүнөн-өзү чыгары белгилүү. Ырас, коммунисттик идеология кишенинен бошонгон көркөм адабияттын карманган ыкмалары да түп-тамырынан жаңырышы, баштагы заманда туу тутуп келген идеалдарын кайрадан баштап, жаңы коомдук-саясий шартта көркөм чыгармачылыктын багыты менен мазмунун аныктоо керек. Себеп дегенде, көркөм сөз өнөрү коомдук аң-сезимдин башка формаларынын арасынан өзүнө гана тийиштүү ордун таап, өз жолу менен өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп келүүдө. Адабияттын кечээкиси менен бүгүнкүсү жаңыча изилденип, коомдук аң-сезим катарындагы реалдуу орду белгилениши шарттуу нерсе катары белгилөөгө болот деген ойдобуз.

Мындай шартта жалпы улуттук көркөм сөз өнөрүнүн динамикалуу тарыхый кыймылына Ж.Бөкөнбаев сыяктуу кайталангыс сүрөткерлердин чыгармачылыгын кошпой коюу мүмкүн эмес.

Акын Жоомарт Бөкөнбаевдин өмүр баянынан, алгачкы чыгармаларынан эле байкалып тургандай, башынан өткөргөн жетимчиликти, кордукту көп көрүп кыйынчылыкта чоңойгондугун байкоого болот. Анын ырларынан «өзүн», ошону менен бирге эле ошол мезгилдеги элдин турмушун, жашоосун, кыйынчылыгын байкасак болот. Акын өзүнүн ырларында өмүрдүн күлгүн курак учуру кайгы-капада өткөнүн көп козгоп, балалык турмушу арыз-арманда өткөнүн кайра-кайра эскерген жерлери арбын кездешет. Ал атасынан эрте ажырап, жетимдиктин оор турмушуна кичине кезинен кабылганы, көркөм дүйнөнүн өзүнчө бир мектеби сымал кызмат кылган энесинин да эрте ажырашы себепкер болгон сыяктуу сезим калтырат.

Акындын алгачкы ырларынан эле кылымдар бою азап тарткан кедейлер жана аялдардын азаттыгы жөнүндө, ошондой эле революциянын жеңиши аркылуу азаттыкка жеткен эмгекчи элдин бак-таалайын көрүүгө болот.

Ал эми өткөн кылымдын 20-30-жылдары адабий процесске активдүү аралашкан кыргыз акын-жазуучуларынын катарында Ж. Бөкөнбаевдин орду өзгөчө зор десек болот. Мунун себеби акындын социалдык активдүү позициясында, жаңы тарыхый өзгөрүүлөрдү жактырып, ага ыкчам поэтикалык үн кошкон чыгармачылыгында, ошондой эле жаңылануулары жалпы элге жайып, социалисттик жашоо ыңгайынын артыкчылыгын

даңазалоону акындык милдети катары экендигинде. Белгилей кетчү дагы бир жагдай, Ж.Бөкөнбаевдин чыгармачылык потенциалы толук ачылбай, бир боор калкына бергенинен бере турганы көп кезинде шум ажалга кез келиши анын адабий мурасынын барк-баасын дагы арттырбай койбойт.

Адабиятчы А.Садыков Ж.Бөкөнбаевдин чыгармаларын терең изилдеген окумуштуу катары мындай дейт: “Эгерде Ж.Бөкөнбаевдин поэзиясынын тематикасы жөнүндө сөз жүрсө, анда биз, биринчи иретте, аны эмгекти даңктаган акын дээр элек. Жоомарт эң алгачкы “Жер алган кедейлерге” деген ырынан тартып өмүрүнүн акырында жазган чыгармаларына чейин эмгектин поэтикалык элесин тартып келди. 1933-жылы жарык көргөн “Эмгек төлү” деген жыйнакты барактай баштаганда эле балбан колдуу кайратман колхозчулар жана жумушчулар менен жолугушабыз. “Жаз койнунда эмгекчи”, “Жарыштын жаштар тулпары”, “Гудок урганда”, “Кырманда” жана башка ушул сыяктуу эмгек тууралуу күү чалган ырлар биринин артынан экинчиси чыга келет!” [Садыков, 1990: 167].

Акындын чыгармаларынан өзү жашаган замандын алдыга өсүшүн, тарыхтын катаал сыноосунан аз жерден төгүлүп, жоголуп кете жаздаган калкынын турмушу оңолуп, көптүн катарында алдыга жылышын каалаганын, элинин керегине жарай турган эмгеги – көркөм сөз өнөрү экенине сыймыктанган, мындай шартта өз калкы үчүн маанилүү теманын бир өңүтүн ачып берүү зарылдыгын эртелеп түшүнгөнүн байкоого болот.

Жаңылануу зарылдыгын эрте туюнган акындын чыгармаларынан аз-аздан камылга көрүп, өзүн чыгармачылыгын сыноодон өткөрө баштаганын көрүүгө болот. Мындай аракет акындын каалоосунан чыккан максат-мүдөө эмес, көркөм ойлоонун эволюциялык кыймылынан сыгылып чыккан ички зарылдыкка айлана баштаган болуу керек деген ойду жаратпай койбойт.

Акын Жоомарт Бөкөнбаевдин чыгармачылыгынын башталышы баш-аягы он беш жылга жетип-жетпеген убакытка гана созулган. Анын чыгармачылыгы 1930-жылдардан тарта активдүү чыгармачылыкка өтсө, ал эми 1944-жылы шум ажал алып кетет. Ошентсе да акындын ошол кыска убакта жараткандары деле атын унуттурбай, саналуу кыргыз классиктеринин катарын толуктап, жазгандары окулуп, изилденип, эстетикалык маани-мазмунун жоготпой келүүдө.

Негизинен, 1930-жылдарда улут адабиятында эки тема басымдуу орун алганы баарыбызга маалым. Алсак, 1916-жыл трагедиясы, Үркүн азап-тозогу, ага улай жаңы социалисттик коом курулушу, өзгөрүү, өнүгүү пафосу басымдуулук кылса, ал эми акындардын жеке ой сезимине караганда коомдук маселелер көбүрөөк ырдалып, эпостук салт үстөмдүк абалда болгонун айтпай коюуга мүмкүн эмес. Алсак, А.Токомбаев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков, Ж.Бөкөнбаев, К.Маликов, А.Осмонов, М.Алыбаев ж.б. акындардын поэзияда бүтүндөй бир муунунун үнү угулуп турары шексиз.

Табиятынан акын Ж.Бөкөнбаев оргуган талант катары жаралып, анысын кийин өз мезгили үчүн кыйла эле дурус дегидей деңгээлдеги билимге жетише алган. Аны айланасында болуп жаткандарды көрүп, акын катары кабылдаган, табият энчилеген талантын коомдун маданий-эстетикалык муктаждыгын канааттандырууга арнап койгон сүрөткер катары көрүүгө болот. Ал жаңы коомдо калыптанып, маданий-адабий шартка кабылып, тагдырына профессионал көркөм сөз өнөрүн баштоо, аны даңктоого бүт өмүрүн арнагандыгы жалпыбызга белгилүү.

Курманжан датка жашаган доорду көрүп калган Ж.Бөкөнбаевди орошон окуялардын изи сууй элек, реалдуулук мифке толук айлана элек, оозеки адабиятта өткөндү

чагылдыруунун жаңы формага өтө баштаган чакта жашаган акындардан десек болот. Ошондой эле ал көчмөндүк доор аз-аздан артка чегинип, тоо арасына жаңы коомдук тартиптер башбактап, капиталисттик, аз өтпөй социалисттик мамиле-катыштар аралашып кеткен кызык кезде өмүр кечирген. Анын чыгармаларынан соңку эки кылымдагы кыргыз тарыхынын мисалдарынан феодалдык-патриархалдык мамиле-катыштардын ордун жаңыга бошотуп бериши деле кыйла узакка созулчу процесс экенин, жаңы коомдук мамилелердин биротоло орун-очок алышы кандай кыйынчылыктарга кабыларын ачык көрүүгө байкоого болот.

Акындын чыгармачылыгы тууралуу адабияты Ж.Төлөев: “Көпчүлүк кыргыз жазуучу-акындары сыяктуу эле Ж.Бөкөнбаевдин чыгармачылыгын элдик, акындык, ырчылык көркөм сөз каражаттары, салттары менен тыгыз бирдикте өнүккөндүгүн белгиледик. Өз мезгилине жараша акындын чыгармачылык калыптануусунда фольклордук, акындык салттар зор роль ойноду. Бирок кээде ошол эле элдик, ырчылык салттарга чыныгы чыгармачылык менен мамиле жасабай, формалдуу түрдө ээрчип кетүүнүн натыйжасында Жоомарттын айрым ырларында мүчүлүш учурлар да кездеше калат. Бирок акын өзүнүн чыгармачылык ишине сын көз менен карады. Орус жана башка бир тууган адабияттардын классикалык үлгүлөрү менен таанышуусу улам тереңдеп отурду”, - деген оюн айтат [Төлөев, 1970: 4-б].

Ал эми Ж.Бөкөнбаевдин кызы Сырга Бөкөнбаеванын эскерүүсүндө: “Эмне үчүн менин атам Ленинди, Сталинди мактап ырдаган деген суроого жообум. Атам аларды келечектеги эң сонун коммунисттик коомдун түзүүчүлөрү катары чыгармаларында чагылдырган, элдин көптөгөн эңсөөлөрүн аткаруучу инсандар катары сүрөттөгөн. Атам Ата-Мекенди сүйүүгө чакырып, артта калган феодалдык өлкөнүн билими жок, улут катары жок болуп бара жаткан, көчмөн кыргыздардын алдыга болгон умтулуусун көрсөткөн. Өлкөнү алдыга тартууда жаңы социалисттик коомду курууга, коллективдештирүүгө, индустриялаштырууга, билим берүүгө, маданиятты өнүктүрүүгө, Ата-Мекенди кыйынчылык болуп турган мезгилде сактоого, генетикалык жана физикалык жактан жабыр тартып бара жаткан кыргыз элин руханий жактан күчтүү болууга чакырат” – дейт.

Ошону менен катар эле акындын чыгармачылыгынын жемиштүү, көп багыттуу болгондугуна адабиятчы, сынчы С.Жигитов: “Көзү өткөнчө адабияттын ар кайсы жанрларында, айрыкча, поэзия менен драматургияда тыным албай аракеттенип, чыгармачылык тажрыйбасын арттырып, жазуучулук шооратын күчөтүп отурган. Китеп чыгарган жагынан бир да кыргыз калемгерин астыга чыгарган эмес. Мындай жаратмандык мөмөчүлүктүн бир себеби – Жоомарттын адабий ишине аябай берилгендигинде, жалаң көркөм сөздүн мүдөөсү менен жашагандыгында, кажыбаган мээнеткечтигинде жаткан эле”, - деп акыйкат баа берет [Жигитов, 1990].

Кыргыз совет адабиятын түптөгөн саналуу классиктердин катарына Ж.Бөкөнбаев кошулуп, чыгармачылыгынын экинчи өмүрү башталган, артында калган адабий мурасын изилдеп чыгуу биздин башкы парзыбыз болуп эсептелет. Анын адабий мурасынын аңдалыш тарыхына келсек, үстүрт баам таштаган адамга кыйла эле изилденгендей таасир калтырары шексиз. Башка калемдештери сыяктуу эле Ж.Бөкөнбаевдин чыгармачылыгы да кыргыз адабият таануу илиминде орду чоң.

Ж.Бөкөнбаевдин орду өткөн кылымдын 20-30-жылдары адабий процесске активдүү аралашкан кыргыз акын-жазуучуларынын катарында өзгөчө. Себеби акындын социалдык активдүү позициясында, жаңы тарыхый өзгөрүүлөрдү жактырып, ага ыкчам поэтикалык үн

кошкон элпектигинде, негизи эле жаңылануулларды жалпы элге жайып, социалисттик жашоо ыңгайынын артыкчылыгын даңазалоону акындык милдети катары сезгендигинде. Буга кошумчалай турган дагы бир жагдай, Ж.Бөкөнбаевдин чыгармачылык потенциалы толук ачылбай, бир боор калкына бергенинен бере турганы көп кезинде капыс ажалга кез келиши анын адабий мурасынын барк-баасын дагы арттырып турат десек, жаңылышпайбыз.

Негизинен, Ж.Бөкөнбаев өзүнүн кыска өмүрүндө чыгармачылыктын татаал табиятын терең өздөштүрүп, сөз азабын тартып турган кезде жол кырсыгына кабылып, анын калеминен чыккан чыгармалары мезгил сынына коюлуп, улут адабиятынан алган орду зор. Акындан көп кырдуу талант экендигин, анын бардык жанрларда: поэзия, эпика, драма жанрларында үзүрлүү эмгектенгендигин байкоого болот

**Адабияттар:**


1. Адышева Т. Кылы үзүлгөн комузум // “Кыргызстан маданияты”. 1990, 8-март, 2010.
2. Джигитов С. Возникновение кыргызской советской литературы. Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. -Ф., 1990.
3. Садыков А. Жалындуу поэзиянын ээси. //“Кыргызстан маданияты”, 1980, 20-ноябрь, № 47.
4. Садыков А. Жоомарт Бөкөнбаев жана орус адабий сын. // “Кыргызстан маданияты”, 1985, 30-январь.
5. Турсунов Э. Бүгүн бизге Жоомарт керек //“Кыргыз туусу”. 1997, 1-июль. №74, 8-июль. - №76.
6. Төлөев Ж. Жоомарт Бөкөнбаев. //Мугалимдер газетасы, 1970, 26-декабрь.